№ 10. 30-декабрь, 2025-жыл

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ

*Тил – мамлекеттүүлүктүн жана элдин түбөлүктүүлүгүн камсыздайт!*

# ТИЛ TIMES

Маалымат баракчасы

## «Улуттук дем — дүйнөлүк бийиктик» конференциясы

*2025-жылдын 3-декабрында И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде «Улуттук дем — дүйнөлүк бийиктик» конференциясы болуп өттү.*

Конференциянын максаты — Кыргыз Республикасында илим, билим берүү, инновация жана коомдук өнүгүү маселелерин талкуулоо.

Иш-чараны КМТУнун ректору М.К.Чыныбаев ачып, КР Президентинин «Улуттук дем — дүйнөлүк бийиктик» уңгужолдун маанилүүлүгүн белгилеп, университеттин илимди өнүктүрүү жана инновациялык чөйрөнү түзүүдөгү ролуна токтолду. Конференциянын алкагында КМТУнун жаштар борборунун башчысы Бактыбек уулу Улукман уңгужолдун негизги багыттары боюнча кеңири презентациянын алкагында илим, технология, билим берүү жана студенттердин социалдык демилгелери тууралуу кеп кылды. Иш-чарага тарбиялык иштер боюнча директорлордун орун басарлары, студенттик активисттер жана студенттер катышып, жетекчилердин тажрыйбасы менен жаштардын демилгеси биригип, практикалык сунуштарды талкуулоого мүмкүнчүлүк түзүлдү.






# КМТУда мамлекеттик тилде даярдалган окуу-илимий эмгектердин мыктылары сыйланды

2025-жылдын 29-октябрында И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Окумуштуулар кеңешинин жыйынында мамлекеттик тилди окутуу процессинде жана университеттин бардык ишмердүүлүгүндө кеңири колдонуу боюнча иш планга ылайык жыл сайын өткөрүлүүчү «Мамлекеттик тилде даярдалган окуу-илимий эмгектер» сынагынын жыйынтыгы чыгарылды.

Сынактын жеңүүчүлөрүн КМТУнун ректору Мирлан Койчубекович Чыныбаев куттуктап, дипломдорду жана акчалай сыйлыктарды тапшырды.

Бул иш-чара мамлекеттик тилди өнүктүрүү, илимий жана билим берүү багыттарында кыргыз тилин активдүү колдонуу, ошондой эле окутуучулардын методикалык жана изилдөө ишин шыктандыруу максатында өткөрүлөт.

«Мыкты окуу китеби» номинациясы:

I даража (7000 сом): Усупкожоева Анипа Абылбековна — «Жашылча жемиштерди кургатуу технологиясы»

II даража (5000 сом): Жолдошбаев Курсанали Мурзакозуевич — «Жеңил автомобилдердин электр, электрондук жана автотроника жабдыктары»



III даража (4000 сом): Сартова К.А., Исмаилова С.Б., Сырымбекова Эркингүл Ибраевна — «Органикалык химиянын теориялык негиздери жана реакциялардын механизмдери»

«Мыкты окуу куралы» номинациясы:

I даража (6000 сом): Кожобаева С.Т., Омурова А.А. — «Архитектуралык курулуш процесстеринин технологиясынын негиздери»

II даража (5000 сом): Сманалиева Ж.Н. — «Тамак-аш булгоочулары.



Микотоксиндер: алдына алуу, деконтаминациялоо жана анализдөө ыкмалары»

III даража (4000 сом): Очков В.Ф., Кадыров Ч.А. — «Инженердик эсептөөлөрдөгү маалыматтык технологиялар: Smath»

III даража (4000 сом): Борукеев Т.С., Бусурманкул кызы Зыйнат — электромеханика кафедрасынын окутуучуларынын эмгеги үчүн

«Мыкты усулдук колдонмо»



номинациясы:

I даража (4000 сом): Суюнтбекова Н.А., Насирдинова С.М., Стамбекова Г.А. — «Жылуулук энергетикалык орнотмолору» окуу-усулдук көрсөтмөсү

II даража (3000 сом): Абдыкеримова Д.К. — «Автоматтык башкаруу теориясы»

III даража (2000 сом): Сманалиева Ж.Н. — «Тамак-аш азыктарынын функционалдык ингредиенттерин



анализдөө ыкмалары»

«Мыкты илимий макала» номинациясы: I даража (3000 сом): Атантаев И.А., Борубаев Э. — «Региондогу ишканалардын туруктуу функцияналашынын негизги аспектери»

«Мыкты видеосабактар» номинациясы:



I даража (3000 сом): Шаршенова Рысбү Айылчиевна — «Тил кат, ишеним кат»

# Кыргыз Республикасынын "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгужолу

**Кыргыз Республикасынын "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгужолу (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-декабрындагы ПЖ № 369 Жарлыгы)**

Киришүү

Кыргыз Республикасы - эгемендиги чектелбеген, ички жана тышкы саясатын өз алдынча жүргүзгөн, эли мамлекеттик бийликтин жападан жалгыз булагы болгон, конституциялык түзүлүшкө, мамлекеттик символдоруна ээ, дүйнө өлкөлөрү тарабынан таанылган, демократиялык, унитардык, укуктук, светтик жана социалдык мамлекет.

Кыргыз Республикасынын элинин эң башкы байлыгы жана сыймыгы - анын эгемен мамлекети. Кыргыз эли ушул коомдук-саясий түзүлүшкө карт тарыхтын далай катаал сыноолорунан өтүп келип, ынтымактын жана биримдиктин күчү менен жетти. Дүйнөлүк өнүгүүнүн өркөн жолуна кыргыздар менен үзөңгүлөш чыккан эчендеген элдердин өздөрү эмес, аталыштары гана тарых барактарында сакталып калды.

Тарыхтын белгилүү бир учурларында мамлекеттүүлүгүнөн, жазма маданиятынан ажырап калса да, кыргыз эли өзүнүн ички биримдигин, башка элдер менен болгон ырашкерлигин өксүткөн эмес, дүйнөтааным тажрыйбаларын байытып отуруп, жалпы адамзаттык маанидеги оозеки көркөм мурастардын эң бай казынасын жараткан.

"Манас" үчилтиги - улуттук гана эмес, дүйнөлүк маанидеги эпикалык мухит. Ал дайыма кыргыз элинин демине дем кошуп, анын улут болуп калыптануу жолунда рухий азык, тарыхый жана философиялык таяныч болуп келген, мындан ары да кыргыз жарандарынын дем, кубат алуучу булагы бойдон кала берет.

Кыргыз Республикасын



бардык жагынан жапырт өнүккөн, жарандары бактылуу жашап, өз өлкөсү менен сыймыктанган, элдик нарк баалуулуктары бекем сакталган, унитардык мамлекетибизди дүйнөлүк деңгээлге чыгаруу - улуттук дымагыбыз.

Кыргыз Республикасынын көп этностуу эли турмуштун бардык тармактарында дүйнөлүк бийиктиктерди багындыра ала турган жөндөм, билим, илим, маданият жана улуттук демге ээ. Нарктуу элибиз, намыстуу жарандарыбыз менен өзүн-өзү коргоп, бардык турмуштук муктаждыктарын өзү камсыздай алган, жакындарына жардам берүүгө дайыма даяр турган, алдынкы улутка, өнүккөн өлкөгө айлануу жолундабыз!

Эгемендүүлүктү туу тутуп, улуттук демибиз менен өнүгүүнүн уңгулуу жолуна түшөбүз жана турмуштун бардык тармактары боюнча дүйнөлүк бийиктиктерге жетишебиз!

## IV. Уңгужолдун негизги багыттары

### 4. Мамлекеттик тил

Кыргыз элинин жарандык аң-сезимин калыптандырууда, өлкөнүн өнүгүшүндө, улуттук маданияттын сакталышында мамлекеттик тилдин орду өзгөчө:

- мамлекеттик тил - Кыргыз Республикасынын Туу, Гимн жана Герби сыяктуу эле мамлекеттүүлүктүн символдорунун бири;

- мамлекеттик тил - Кыргыз Республикасынын бардык жарандарынын орток баалуулугу;

- мамлекеттик тилдин өнүгүшү жана коомдук турмуштун бардык тармактарында дайыма колдонулушу үчүн кам көрүү - ар бир кыргыз жаранынын милдети;

- тиешелүү мыйзам актыларынын талаптарына ылайык толук кандуу колдонулган мамлекеттик тил коомдун биримдигин, социалдык ынтымакты жана өлкөнүн туруктуулугун сактоонун жана чыңдоонун эң маанилүү булагы болуп калат;

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилинин макамы тиешелүү мыйзам актылары аркылуу тастыкталган - кыргыз тили корголууга муктаж эмес, колдонулууга гана муктаж. Эне тилди коргоонун жана өнүктүрүүнүн жападан жалгыз жолу аны турмуштун бардык тармактарында кеңири колдонуу болуп саналат;

- кыргыз тилинин маселелерин заманбап технологияларды жана азыркы теориялык-методологиялык жетишкендиктерди колдонуу менен кайрадан изилдөөнү жолго коюу - заман талабы;

- Кыргыз Республикасында мамлекет жана мамлекеттик тил бири-бири менен тыгыз байланыштуу - бири экинчисинин бар болушун жана өнүгүшүн шарттайт.

> **Кыргыз тили- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили.**
> **1989-жылы 23-сентябрда ССР Жогорку Советинин сессиясында «Кыргыз ССРинин мамлекеттик тили жөнүндөгү Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын мыйзамы кабыл алынган.**

Булак:https://cbd.minjust.gov.kg/18-11/edition/23328/kg

# "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгужолун жүзөгө ашыруу

2025-жылдын 3-декабрында И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде «4-декабрь– «МАНАС» эпосунун күнүнө карата «Манас» эпосу - кыргыз элинин демин, тарыхый эс тутумун, дүйнөтаанымын жогорку



көркөмдүктө чагылдырган элдин этномаданий уңгусу» аттуу иш-чарасы болуп өттү.

Аталган иш-чара Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаровдун 2022-жылдын 22-майдагы ПЖ № 157 "Улуттук нарк жөнүндө" Жарлыгынын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-декабрындагы ПЖ № 369 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгужолунун алкагында, Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасынын негизинде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 10-февралында № 65 "Манас" эпосун изилдөө жана популярдаштыруу боюнча жана "Манас" - улут биримдиги жана ынтымагы" маалымат өнөктүгүнүн концепциялары жөнүндөгү" токтому кабыл алынып, аны аткаруу боюнча

2023-2027-жылдарга иш-чаралар планына ылайык, И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университеттин алдындагы С.Жусуев атындагы Мамлекеттик тил борборунун 2025-2026-окуу жылында мамлекеттик тилде окутуу, аны ишмердүүлүктүн бардык багыттарында кеңири колдонууну жогорулатуу жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу мерчемделген.

Ага ылайык «4-декабрь– «МАНАС» эпосунун күнүнө карата «Манас» эпосу - кыргыз элинин демин, тарыхый эс тутумун, дүйнөтаанымын жогорку көркөмдүктө чагылдырган элдин этномаданий уңгусу» аттуу иш-чарасы өткөрүлдү.

Иш-чаранын программасында алгач "Манас" эпосу ЮНЕСКОнун тизмесине Кыргызстандын атынан катталгандыгы тууралуу кыскача видео көрсөтүлдү.

Куттуктоолор менен: И. Раззаков атн. КМТУнун ректорунун кеңешчиси, т.и.д., профессор А.А. Абдыкалыков;



КОББнун директору, э.и.д., доцент Э.Д. Дербишева; Манас таануу окутуучусу Р.А.Исаков; жаштар борборунун жетекчиси У. Бакытбеков чыгып сүйлөштү.

Мамлекеттик тил борборунун директору Н.С.Абдыраева: Кыргыз Республикасынын "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгужолунун VI. Кыргыз эли пунктуна ылайык «Манас» эпосу - кыргыз элинин демин, социалдык жана тарыхый эс тутумун, дүйнөтаанымын жогорку көркөмдүктө чагылдырган элдин этномаданий уңгусу» аталышта презентация жасады.

«Манас» эпосунан үзүндүнү Исакова Мирзат (ДК-1-24 т. студенти) жана Назаров Ырыскелди (ОК-9-25 т.студенти) аткарып беришти.

Иш-чара бардык катышуучулардын «Манас» эпосунан 7 осуятты:

1. Эл-журттун ажырагыс бүтүндүгү жана бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдиги;
2. Улут аралык ынтымак, достук жана кызматташтык;
3. Улуттук ар-намыс жана атуулдук ариет;
4. Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр-билим аркылуу бакыбат дөөлөткө умтулуу;
5. Гуманизм, айкөлдүк, кечиримдүүлүк;
6. Табият менен таттуу мамиледе болуу;
7. Кыргыз мамлекеттүүлүгүн чындоо жана аны көздүн карегиндей сактоо!

эпостон үзүндүнү жамааттык



аткаруусу менен соңуна чыкты.



# Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү

## КМТУда «Мамлекеттик тилдеги үлгү сабактар» иш-чарасы өттү

2025-жылдын 6-ноябрында И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде Кыргыз Республикасынын “Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик” уңгужолу Жарлыгын жүзөгө ашыруунун алкагында «Мамлекеттик тилдеги үлгү сабактар» деген аталышта тажрыйба алмашуу иш-чарасы өткөрүлдү.

Программада: «Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик» уңгужолу Жарлыгынын жүзөгө ашыруу боюнча университетте мерчемделген пландар, жалпы жамаат, курамдык бөлүмдөр жана студенттер арасында ар түрдүү форматта иш-чаралар өткөрүлө тургандыгы катышуучулар тарабынан баса белгиленди.

Мамлекеттик тил борборунун



директору Н.С. Абдыраева Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаровдун 2024-жылдын 18-декабрындагы ПЖ № 369 Жарлыгы менен бекитилген “Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик” уңгужолдун (доктринанын) IV. Уңгужолдун негизги багыттарынын 4-пунктуна ылайык «Мамлекеттик тил» бөлүгү жөнүндө, анын ичинде «Уңгужол» терминин мааниси (аныктамасы), мазмуну, мамлекеттик тилге байланыштуу маселелер тууралуу маалымат берди.

Иш-чаранын экинчи бөлүгүндө мамлекеттик тилде сабак өтүүдө тажрыйба алмашуу максатында 2025-жылдын май айында өткөн «Мамлекеттик тилди окутуунун заманбап методдору» аталышында республикалык сынактын жеңүүчүлөрү: КМТУнун кыргыз тили кафедрасынын башчысы, ф.и.к., доцент Жумагул кызы Айнура; ф.и.к., доцент Сулайманкулова Мээрим Бекболотовна окутуунун заманбап методдорун



жана иинновациялык технологиялар, программалар менен колдонуу менен сынактык иштерин көрсөтүп беришти. Иш-чара жалпы баарлашуу менен соңуна чыкты.



Белгилей кетсек, 2025-жылдын 22-сентябрында 2025-жылдын май айында өткөн “Мамлекеттик тилди окутуунун заманбап



методдору” аталышында республикалык сынактын жеңүүчүлөрү аныкталды. Аталган сынак жогорку билим берүү баскычында мамлекеттик тилди өнүктүрүү, окутуунун тили катары мамлекеттик тилдин колдонуу чөйрөсүн кеңейтүү, мамлекеттик тилде билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, мамлекеттик тилди окутуунун заманбап методдорун, жаңы ыкмаларын аныктоо жана аларды билим берүү процессинде колдонуу жана жайылтуу максатында КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясы, КР Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги жана И.Арабаев атындагы КМУ менен биргеликте уюштурулуп, республика боюнча ЖОЖдордун жана колледждердин окутуучулары катышкан.

Калыстар тобу тарабынан жеңүүчүлөр аныкталып, 1-орун жана 2-орунду И. Раззаков атындагы КМТУнун кыргыз тили кафедрасынын төмөндөгү окутуучуларына сыйлыктары салтанаттуу тапшырылды:

1-орун - Сулайманкулова Мээрим Бекболотовна – И.Раззаков атындагы КМТУнун кыргыз тили кафедрасынын доценти, ф.и.к.;

2-орун - Жумагул кызы Айнура – И.Раззаков атындагы КМТУнун кыргыз тили кафедрасынын башчысы, ф.и.к., доцент.



## Жалпы техникалык орусча-кыргызча сөздүктүн бет ачары

2025-жылдын 26-сентябрында И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде Жалпы техникалык орусча-кыргызча сөздүктүн бет ачар иш-чарасы болуп өттү.

Бул иш-чара «Кыргыз Республикасында 2021–2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү» программасынын алкагында уюштурулду.

Иш-чара Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясы, Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги, сөздүктүн авторлору жана КМТУнун профессордук-окутуучулар курамынын катышуусу менен өттү.

Иш-чаранын ачылышында ректор М.К. Чыныбаев сөз сүйлөп, сөздүктүн билим берүү жана илимий чөйрөдөгү маанисин баса белгиледи. Андан соң, улуттук тил комиссиянын төрагасы М.К. Мураталиев




сөз сүйлөп, мамлекеттик тилде техникалык терминологияны өнүктүрүүнүн маанисин жана келечектеги адистер үчүн мүмкүнчүлүктөрүн баяндады.

Сөздүктүн түзүлүшү жана анын колдонулушу боюнча талкуу жүргүзүлүп, авторлор менен рецензенттер өз ойлорун бөлүштү. Катышуучулар суроо-жооп сессиясында кызыккан маселелерин талкуулашты. Иш-чара жыйынтыктоочу сөздөр менен бүтүп, катышуучуларга сөздүктүн мааниси жана келечектеги колдонуу багыттары тууралуу маалымдалды.

Иш-чаранын негизги максаты — мамлекеттик тилде техникалык терминологияны өнүктүрүү, билим берүү жана илимий чөйрөдө кыргыз тилинде колдонулуучу терминдердин так жана бирдиктүү системасын камсыздоо. Бул иш-чара келечектеги адистер үчүн кыргыз тилинде түшүнүктүү жана так терминдердин негизин түзөт.

## «Мамлекеттик тил – улуттун уңгусу, көөнөрбөс мурасы»

2025-жылдын 23-сентябрында И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде Кыргыз Республикасында кыргыз тилинин мамлекеттик макамга ээ болгондугунун 36 жылдыгына арналган «Мамлекеттик тил – улуттун уңгусу, көөнөрбөс мурасы» салтанаттуу иш-чарасы болуп өттү.

2025-жылы 20-августта КР Президенти С. Жапаров "Мамлекеттик тилди колдонуу маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын айрым конституциялык мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына кол койгон тууралуу видео көрсөтүлдү.

Университеттин «Арт-Мурас» драмалык студиясынын жана «Уста» элдик бий ансамблинин студенттери «Мамлекеттик тил жана санарип дүйнө» деген аталышта пролог тартуулашты. Аталган прологдо студенттер ата-бабаларыбыздын басып өткөн жолун заманбап санарип дүйнө менен айкалаштыруу зарыл экендигин баса көрсөтө алышты. «Китеп – билим булагы, Билим-өмүр чырагы» деген тематикада санариптик технологиялар канчалык өнүксө да китеп – билим-илим булагы экендигин студенттер тарабынан чыгармачылык эргүү менен көрүүчүлөргө тартууланды.

Расмий куттуктоолордо И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин академиялык иштер боюнча проректору, химия илимдеринин кандидаты, доцент Сырымбекова Эркингүл Ибраевна




мамлекеттик тил күнү бардык катышуучуларды жылуу куттуктап, 23-сентябрь – Мамлекеттик тил күнүнө карата мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө жана тил саясатын өркүндөтүүгө кошкон зор салымы үчүн Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын сыйлыктарын: «Кыргыз тили» төш белгисин кыргыз тил кафедрасынын доценти, ф.и.к. Д.Н. Исмаиловага; Ардак грамоталарды: КМТУнун профессору А.С. Өмүралиевге; автоматташтыруу, робототехника жана мехатроника кафедрасынын улук окутуучусу Д. К. Абдыкеримовага тапшырды. Кыргыз Республикасында кыргыз тилинин мамлекеттик макамга ээ болгодугунун 36 жылдыгына арналган «Мамлекеттик тил – улуттун уңгусу, көөнөрбөс мурасы» салтанаттуу иш-чараны өткөрүүнүн алкагында 2024-2025-окуу жылында мамлекеттик тил окутууда, аны ишмердүүлүктүн бардык багыттарында кеңири колдонууну жогорулатуу жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча иш-чараларды уюштуруп өткөрүүдө кошкон салымы үчүн курамдык бөлүмдөрдүн мамлекеттик тил боюнча жооптуу кызматкерлерине: технология институтунун мамлекеттик тил боюнча




жооптуу кызматкери, ЖӨЖБТ каф.доценти А.К. Отунчиевага; экономика жана бизнестин жогорку мектебинин мамлекеттик тил боюнча жооптуу кызматкери, экономика жана ишкананын башкарылышы кафедрасынын доценттин милдетин аткаруучу, э.и.к. М.Ж. Маданбековага; энергетика институтунун мамлекеттик тил боюнча жооптуу кызматкери, физика кафедрасынын окутуучусу Ч.Б. Турдубаевага; тоо-кен колледжинин мамлекеттик тил боюнча жооптуу кызматкери, кыргыз тили жана адабияты окутуучусу Н.Т. Жаманкуловага университеттин ардак грамоталарын тапшырылды. Салтанаттуу программа «Уста» элдик бий ансамблинин «Жабагы» бийи, «Арт-Мурас» драмалык студиясынын «Эне тил» жана «Калкым» тематикалык композициясы менен уланды. Майрамдык иш-чара «Кыргызстан» ыры менен сонуна чыкты.

*Башкы редактору* **А.М. Арзыбаев** – КМТУнун мамлекеттик тил жана санариптештирүү боюнча проректору
*Редактордун орун басары жана дизайнери*
**Н.С. Абдыраева** – Мамлекеттик тил борборунун директору
Дареги: Бишкек шаары, Ч. Айтматов көчөсү, 66.
Эл. дареги: nazgul.abdyraeva@kstu.kg